**Кыргыз Республикасынын Италия Республикасындагы Элчилигинин 2023-жылга карата бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин отчету**

2023-жылга карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылдын 28-февралындагы №06-1/142 буйругуна ылайык аудитор Б.А. Рыскулиев тарабынан 2023-жылга карата Кыргыз Республикасынын Италия Республикасындагы Элчилигинин бюджетинин аткарылышына шайкештик аудит жүргүзүлгөн.

**Жооптуу тараптар**

Аудиттин жооптуу тарабы болуп Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги саналат, ал эми аудит субъектиси Кыргыз Республикасынын Италия Республикасындагы Элчилиги саналат.

**Жооптуу тараптын милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Италия Республикасындагы Элчилигинин жетекчилиги мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана мыйзам чыгаруу органы тарабынан берилген ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчилик тартат.

**Аудитордун милдети**

Жүргүзүлгөн аудиттин негизинде, мыйзамдардын талаптарына (аудиттин критерийлерине) шайкештиги боюнча өз алдынча жыйынтыкка келүү.

**Ишти аткарууда колдонулган аудиттин стандарттарын аныктоо**

Иш INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда ISSAI 400 жана ISSAI 1400, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы №01-26/123 жана 2021-жылдын 29–мартындагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген шайкештик аудити жөнүндө колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары бизден этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга ылайык келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштырып жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аудиттин предмети**

Жогоруда көрсөтүлгөн мезгилдин ичинде аудиттин көлөмүнө кирген маселелер төмөнкүлөрдү камтыды:

-Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын аткаруу;

-аудит объектисинин кыскача мүнөздөмөсү:

-бюджеттик жана атайын эсептин каражаттары боюнча чыгымдардын сметасын түзүүнүн жана аткаруунун шайкештигине аудит:

-ижара мамилелеринин аудити;

-банктык операциялардын ылайык келишинин аудити;

-Маянаны эсептөөнүн жана Маяна фондунун ылайык келүүсүнө аудити;

-негизги каражаттарга жана товардык-материалдык баалуулуктарга аудит;
-ижара мамилелеринин аудити;
-дебитордук жана кредиторлук карыздардын аудити;
-иш сапардык чыгымдардын аудити;
-автоунааны кармоого кеткен чыгымдардын, коммуналдык чыгымдарга лимиттердин сакталышына аудит.

**Аудиттин критерийлери**

Бул аудиттин предметин төмөнкү критерийлер менен баалайбыз:
-Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
-Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
-Кыргыз Республикасынын Президентинин “Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жана Кыргыз Республикасынын бирдиктүү тышкы саясатын жүргүзүүдөгү анын координациялоочу ролун күчөтүү жөнүндө” 2005-жылдын 14-ноябрындагы №543 Жарлыгы;
-Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик органдардын Кыргыз Республикасынын тышкы саясат чөйрөсүндөгү өз ара аракеттенүүсү жөнүндө” Мыйзамы;
-Кыргыз Республикасынын “Дипломатиялык кызматы жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 8-декабрындагы №750 (КПҮ) токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн, консулдук мекемелеринин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эл аралык уюмдардагы өкүлчүлүктөрүнүн дипломатиялык кызматкерлери менен административдик-техникалык персоналынын кызматкерлеринин иштөө тартиби жана шарттары жөнүндө” Нускамасы;
-Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтому;
-Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-Б “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө” буйругу (Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-Б буйругуна ылайык күчүн жоготкон).

**Аткарылган иштин кыскача мүнөздөлүшү**

Кыргыз Республикасынын Италия Республикасындагы Элчилигинин ишине тиешелүү ченемдик укуктук документтер, ошондой эле ички ченемдик документтер аудит тарабынан каралды.

Аудит жыйынтыгын тастыктоочу жетиштүү жана ылайыктуу далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду жүргүзүүнү камтыйт. Аудит, чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто жазылган корутунду жана сунуштар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана тиешелүү болуп саналат деп эсептейт.

**Аудит менен камтылган мезгилинде насыя тескөөчүлөр**

*Биринчи кол коюу укугу менен:* Кыргыз Республикасынын Италия

Республикасынын атайын жана ыйгарым укуктуу элчиси Т.Ч. Базарбаев.

*Экинчи кол коюуу укугу менен:* Кыргыз Республикасынын Италия Республикасынын Элчилигинин башкы адиси Т.А.Укуева.

Кыргыз Республикасынын Италия Республикасынын атайын жана ыйгарым укуктуу элчиси Т.Ч.Базарбаевдин кабарлануусу менен жана Кыргыз Республикасынын Италия Республикасынын Элчилигинин башкы адиси Т.А.Укуеванын катышуусунда жүргүзүлдү.

Документ жүгүртүү көлөмүнүн көптүгүнө байланыштуу, берилген документтерге тандалма аудит жүргүзүлдү, ушуга байланыштуу бул аудитте аныкталбай калган отчеттордогу ката жана мүчүлүштүктөр аудит жүргүзүлүп жаткан тараптын жетекчисинин жоопкерчилигинде калат. Юридикалык дареги: Италия, 00198 Рим шаары, Виа Клитунно,2.

Аудит 2024-жылдын 17-мартында башталып 2024-жылдын 22-мартында аяктады.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жазма буйругунун аткарылышы:**

Өткөн 2020-жылдын 8-февралынан 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы Кыргыз Республикасынын Италия Республикасындагы Элчилигинин бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын, атайын эсептик кирешелер жана чыгымдар сметаларынын аткарылышына, башка каражаттардын пайдаланышы боюнча аудит Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын башкы мамлекеттик инспектору М.М.Калмуратов тарабынан жүргүзүлгөн. Аудиттин жыйынтыгы боюнча, Кыргыз Республикасынын Италиядагы элчилигине жазма буйрук жана сунуштама келип түшкөн эмес.

**Аудит объектисине кыскача мүнөздөмө**

Кыргыз Республикасынын Италия Республикасындагы Элчилиги (мындан ары - Элчилик) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 8-февралындагы №УП-30 Жарлыгы менен түзүлгөн. Элчилик, Италиянын аймагында Кыргыз Республикасынын тышкы байланыштарынын мамлекеттик органы болуп эсептелет, эки тараптуу эл аралык келишимдердин жана башка келишимдердин негизинде, Кыргыз Республикасынын тышкы карым-катнаш мамлекеттик органы болуп, жайгашкан өлкөдө өзүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзөт.

Элчилик, өз ишмердүүлүгүн 1961-жылдагы Дипломатиялык жана консулдук мамилелер жөнүндө Вена конвенциясын, Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерин, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн актыларын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдорун, Тышкы иштер министрлигинин нускамаларын жана көрсөтмөлөрүн, эл аралык каада-салттын принциптерин сактоо менен төмөнкү негизги милдеттерди аткарат:

-эл аралык мамилелерде Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүн, аймактын бүтүндүгүн жана башка кызыкчылыктарын коргоону дипломатиялык каражаттар аркылуу камсыз кылуу;

-Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык саясатын жүргүзүүгө көмөктөшүү;

-ал жактагы Кыргыз Республикасынын жарандарынын жана юридикалык жактарынын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо;

-ал жактагы эл аралык абалды, мамлекеттин тышкы жана ички саясатын, ал мамлекетте жайгашкан эл аралык уюмдардын ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтарды чогултуу, иштетүү, талдоо жана системалаштыруу;

-Кыргызстан-Италия кызматташтыгынын бардык түрлөрү боюнча эки жактуу мамилелерди күчөтүү, акырындык менен кызматташтыктын жаңы сапаттуу этабына өтүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эл аралык кадыр-баркын чыңдоо болуп саналат.

Экономикалык дипломатиянын негизги милдеттери болуп, өлкөгө инвестицияларды, экономикалык жана гуманитардык жардамдарды тартуу, ата-мекендик товар өндүрүүчүлөрдүн товарларын экспорттоо кыймылын алдыга жылдыруу, Кыргыз Республикасынын туристтик мүмкүнчүлүктөрүн алдыга жылдыруу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жетекчилигинин жолугушуу жана иш сапарларынын чегинде жетишилген эки жактуу келишимдерди ишке ашыруу болуп эсептелинет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына, «Кыргыз Республикасынын дипломатиялык кызматы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык башка милдеттерди аткарат.

**Кыргыз-Италия кызматташтыгы боюнча**

Кыргызстан менен Италиянын ортосундагы эки тараптуу мамилелер жалпы тарых, маданият, кошуналык алака, дин, өз ара урматтоо жана саясий, соода-экономикалык, маданий жана гуманитардык чөйрөлөрдө тыгыз кызматташтыкты кеңейтүү менен өнүгүп келе жатат. Эки өлкө ортосунда дипломатиялык мамилелерди түзүүдө үзгүлтүксүз түрдө саясий диалог жүргүзүлүп келе жатат, тараптар туруктуу негизде ар түрдүү деңгээлдеги делегациялар менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп келүүдө.

Кыргыз Республикасынын жарандары Италияга жогорку окуу жайларына окууга, ар кандай курстарга, убактылуу жумуш иштөөгө жана Италия жарандары менен никеге тургандар келишет. Италиянын компетенттүү органдарынын маалыматына ылайык 57 Кыргыз жарандары жогорку окуу жайларда билим алууда жана ар кандай максат менен 150 кыргыз жараны жашайт.

Ошол эле убакта элчиликтин автаматташтырылган маалымат системасынын, жаңыртылган маалыматы боюнча 76 жаран жашайт. 2020-жылдан баштап Кыргызстандык студенттер жана жарандар Кыргызстанга кайтып келишкен.

2021-жылдын декабрына карата, Италия жана Кыргыз Республикасынын ортосунда 10 эл аралык жана 9 ведомстволор аралык келишимдерго кол коюлган. Азыркы учурда эки тараптан, маданият, спорт, жогорку билим, саламаттыкты сактоо жаатында жана эки өлкөнүн дипломаттык кызматташтыгы долбоорлору иштелүүдө.

**Италия менен соода-экономикалык чөйрөдө кызматташууда**

2023-жылы Кыргыз Республикасынын Статистика комитетинин

маалыматы боюнча, 2023-жылдын январь-декабрь айларына карата Кыргыз Республикасы менен Италиянын тышкы соода жүгүртүүсүнүн көлөмү 6972,00 АКШ долларын түзгөн. Кыргызстандан Италияга экспорт 60,00 АКШ долларын, ал эми Италиядан Кыргыз Республикасына импорт 6912,00 АКШ долларын түзгөн. Белгилей кетүүчү нерсе, расмий статистика иш жүзүндөгү реалдуулукту жана колдо болгон потенциалды чагылдырбайт.

2023-жылга карата соода-экономикалык кызматташтык, Кыргыз Республикасынын экономикасына чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу, ата мекендик товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жылдыруу, Кыргыз Республикасынын туризм тармагындагы кызыкчылыктарын илгерилетүү.

Акыркы 3 жылдагы Кыргыз Республикасы менен Италиянын ортосундагы соода-экономикалык кызматташууну талдоо соода жүгүртүүнүн прогрессивдүү өсүүсүн көрсөтөт.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматы боюнча, 2023-жылы Италия менен соода жүгүртүү 90,7 млн долларды түзгөн. Бул өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1,9 эсеге, анын ичинде экспорт 1,815 млн доллар (өсүү 8 эсеге), импорт 88,9 млн доллар (1,9 эсеге көбөйгөн) өскөндүгүн көрсөтөт. 2020-жылы – 25,4 миллион АКШ доллары, 2021-жылы – 35,8 миллион АКШ доллары.

2023-жылы Италиядан Кыргыз Республикасына түз инвестициялар 2022-жылга салыштырмалуу 12,4%га өсүү менен 2,041 млн долларды түздү.

2023-жылы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин программаларын жана пландарын ишке ашыруунун алкагында Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги соода-экономикалык кызматташтыкты өнүктүрүү, чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу, ата мекендик товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жылдыруу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын туризм чөйрөсүндөгү кызыкчылыктарын илгерилетүү боюнча төмөнкүдөй иштерди жүргүздү:

Февраль айында Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жана Евразия бизнес клубу уюму менен биргеликте Милан жана Брешиа шаарларга “Milano Unica” текстиль көргөзмөсүнө катышуу үчүн. Кыргыз Республикасынын жыйырма тигүү фирмасынын иш сапары уюштурулду.

Кыргыз тарап келечектеги рыноктун өнүгүү тенденцияларын, кездемелерди тандоо боюнча потенциалды жогорулатуу, жеңил өнөр жай тармагында бизнести өнүктүрүүдө эл аралык стандарттарды колдонуу менен таанышты, ошондой эле кездемелерди жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчүлөр менен эки тараптуу сүйлөшүүлөрдү жүргүздү.

Тигүү өнөр жайы үчүн машиналарды жана жабдууларды чыгаруучу италиялык IMA S.p.A фирмасынын өндүрүшүнө баруу болду. Тараптардын сүйлөшүүлөрүнүн жыйынтыгы боюнча 2023-жылдын апрель айында IMA S.p.A. өкүлдөрүнүн Кыргыз Республикасында иш сапары болуп өттү. Кыргыз Республикасында тигүү өндүрүшүн андан ары модернизациялоо үчүн жакынкы аралыкта инновациялык италиялык жабдууларды кыргыз компанияларына алуу жана италиялык компаниялар менен долбоорлорду ишке ашыруу мүмкүндүгү тууралуу маселелер талкууланды.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер

министрлигинин Экономикалык департаментинин жетекчилигинин «Confindustria»нын (Италиянын эң алдыңкы өнөр жай шаары - Брешианын өнөр жай ишкерлеринин ассоциациясы) компанияларды өнүктүрүү, инновациялар жана эл аралык кызматташуу департаментинин башчысы менен жолугушуу өттү. Италиялык тарап Ломбардия аймагында Кыргыз Республикасынын жеңил өнөр жайы, гидроэнергетикасы, айыл чарбасы, ошондой эле бөтөлкөдөгү суу тармагында Кыргыз Республикасында артыкчылыктуу экономикалык долбоорлорду ишке ашырууга кызыкдар компанияларды табууга көмөк көрсөтүүгө даяр экендигин билдирди. Ошондой эле февраль айында Кыргызстандын "МОМО" багбандар ассоциациясы жана "Клубмалина" фирмасы үчүн Италиянын "MOLARI Societa Agricola" айыл чарба компаниясы жана "Cermac" айыл чарба техникасын өндүрүүчүлөр ассоциациясы менен жолугушуулар уюштурулган. Жолугушуулардын жыйынтыгында кыргыз-италиялык кызматташуу жана тажрыйба алмашуу боюнча Меморандумга кол коюлду. Андан соң италиялык компаниялардын өкүлдөрү Кыргыз Республикасына келип, экономикалык долбоорлорду ишке ашырууну талкуулашты.

Март айында Флоренция шаарына жумушчу иш сапары болуп, анда Соода-өнөр жай палатасында PromoFirenze агенттигинин жетекчилиги, Конфиндустрия өкүлчүлүгү, ошондой эле Флоренция провинциясынын кол өнөрчүлөрдүн, чакан жана орто ишканалар «CNA Firenze» ассоциациясы менен жолугушуулар өткөрүлдү. Кыргыз Республикасындагы компаниялар менен өз ара пайдалуу байланыштарды түзүү үчүн Кыргыз Республикасына иш сапарын ишке ашырууга кызыкдар италиялык ишкерлерди табууга көмөк көрсөтүүгө даяр экендиктерин билдиришти. Апрель айында Кыргыз Республикасына Италиянын бизнес-делегациясынын иш сапары уюштурулуп, анын курамына жашыл курулуш, энергетика (энергиянын кайра жаралуучу булактары), инфраструктуралык объектилерди куруу, мода индустриясы ж.б. тармагында иштеген компаниялар кирди.

Отчеттук мезгилде Элчи Т.Базарбаев ошондой эле Кампания, Марке, Сардиния жана Сицилия аймактарына жумушчу сапарлар болуп, анын алкагында Кыргыз Республикасынын инвестициялык, экспорттук жана туристтик потенциалды тааныштыруу максатында Италиянын экономикасынын түрдүү тармактарынын ишкерлери менен жолугушуулар өткөрүлдү. Жетишилген макулдашуулардын жыйынтыгы боюнча июль айында Сицилия регионунун делегациясынын Кыргыз Республикасына иш сапары уюштурулду. «Сүт-Булак» жана «Ла Кава» сыр-сүт ишканаларынын ортосунда сүйлөшүүлөр болду. Үстүбүздөгү жылдын июль айында Марке аймагынын Соода-өнөр жай палатасынын жетекчилиги менен жолугушуулардын жыйынтыктары боюнча, 2024-жылы соода-экономикалык кызматташтыкты орнотуу үчүн, Нарын облусунан регионалдык делегациясынын Италияга иш сапары күтүлүүдө.

11-сентябрдан 15-сентябрына чейин Италиянын Сардиния облусунун делегациясы Кыргыз Республикасында болду. Италиялык технолог Кыргыз Республикасында биздин өлкөнүн сыр жана сүт өндүрүүчүлөрү үчүн тренинг уюштурду. Жыйынтыгында «Сүт-Булак» ишканасынын жетекчилиги министрлер кабинетинин башчысы А.Жапаровго жана министр Ж.Кулубаевге

айыл чарба тармагында уникалдуу техникаларды алып, алдыңкы технологияларды өздөштүргөндүгү үчүн ыраазычылык билдирди. Азыркы учурда, Айыл чарба тармагындагы долбоорлорду мындан ары ишке ашыруу мүмкүндүгү боюнча чечим кабыл алынышы күтүлүүдө. (Аткарылган долбоордун жалпы бюджети 30 000 еврону түздү).

Иш сапардын алкагында кыргызстандык Sun Planet компаниясы менен Италиянын PRUNEDDU SALVATORE S.r.l компаниясынын өкүлдөрүнүн ортосунда сүйлөшүүлөр болду. Кыргыз Республикасынан Сардиния облусуна жөнөтүлгөн жаңгактын жыйынтыгы боюнча “Нуга Торроне” кондитердик продуктунун сынамык партиясы чыгарылды. Азыркы учурда продукциянын сапатына оң экспертиза алынган жана жакынкы аралыкта Кыргыз Республикасынан 100 тоннаны Италияга экспорттоо боюнча коммерциялык келишимдерди түзүү боюнча сүйлөшүүлөр жүрүп жатат. Италиянын «Колдиретти Сардегна» жана «ЦРУ» айыл чарба продукциясын өндүрүүчүлөрдүн улуттук ассоциациясынын жетекчилиги менен жолугушуулардын жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын айыл чарба продукциясын, анын ичинде сырьену импорттоо маселелери талкууланды. Потенциалдуу өнөктөштөрдү тартуу үчүн Кыргыз Республикасынан уяң жүндүү меринос койлорунун жүнүн экспорттоо долбоору сунушталды. Ошондой эле азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо жана сапатын көзөмөлдөө, ошондой эле продукцияны кластердик өндүрүү боюнча тажрыйба алмашуу маселелери талкууланды. Талкууланган долбоорлорду ишке ашыруу үчүн Кыргыз Республикасына иш сапарын уюштуруу боюнча макулдашууга жетишилди.

Октябрь айында Брешия шаарында Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасынын, ошондой эле Кыргызстандын бир катар кийим тигүүчү ишканаларынын тегерек токуу тигүү машиналарын чыгарууда дүйнөлүк лидер болгон Италиянын «Santoni» компаниясынын өкүлдөрү менен жолугушуулар уюштурулду. Жолугушуунун жыйынтыгында Кыргыз Республикасынын «Cool Bro's» тигүү фирмасы 2024-жылдын башында Santoni компаниясынын өкүлдөрүнүн Кыргыз Республикасына иш сапарын уюштурууну макулдашты. Сапардын жүрүшүндө италиялык жабдууларды сатып алуу пландаштырылууда, бул Cool Bro's компаниясына Кыргыз Республикасындагы продукцияны өндүрүү процессин модернизациялоого жана келечекте продукцияны Европа рыногуна экспорттоого мүмкүндүк берет.

13-ноябрдан 17-ноябрга чейин Кыргыз Республикасынын Беневенто шаарындагы ардактуу консулу А.Кастьелло башында турган Кампания регионунун бизнес-делегациясынын Кыргыз Республикасына иш сапары уюштурулду. Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасынын, “Кыргызфармация” мамлекеттик ишканасынын, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин өкүлдөрү, ошондой эле кыргызстандык ишкерлер, италиялык “In.co. inegneri consulenti". "Rosiello", "Spix italia srl", "Riomed медициналык буюмдар l.l.c". энергиянын кайра жаралуучу булактары, айыл чарба, дары-дармек, курулуш жана инфраструктура, санариптештирүү жаатындагы долбоорлорду биргелешип ишке ашыруу маселелери талкууланды. Азыркы кундо Учурда кызматташууну мындан ары өнүктүрүү боюнча сүйлөшүүлөр жүрүп жатат.

Кыргыз Республикасында Туризмди өнүктүрүүнү колдоо фонду менен биргеликте 2023-жылдын октябрь айында улуттук павильон биринчи жолу атактуу Римини курорттук шаарында «TTG Travel Italy 2023» эл аралык престиждүү туристтик көргөзмөлөрдүн биринде көрсөтүлгөн.

### Консулдук чөйрөдө жеке жана юридикалык жактарга көрсөтүлгөн мамлекеттик кызматтар үчүн факты жүзүндөгү чыгымдарга алынган консулдук жыйымдар жана жыйымдар жол-жобосун талдоо

Консулдукка келген адамга, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18.12.2012-жылдагы №839 "Консулдук кызмат көрсөтүүлөр үчүн алынуучу каражаттар жөнүндө" токтомунун негизинде, Кыргыз Республикасынын Италия Республикасындагы Элчилиги тарабынан алына турган консулдук жыйымдардын жана чыныгы чыгымдардын тарифине ылайык, «Banca Popolare di Sondrio» банкындагы Элчиликтин эсебине консулдук кызмат үчүн төлөө сунушталат.

«Көрсөтүлгөн консулдук кызматтар үчүн иш жүзүндөгү чыгымдар жана келип түшкөн жыйымдар жөнүндө» берилген отчетко ылайык, Кыргызстан Республикасынын жарандары үчүн Элчилик тарабынан төмөнкү консулдук кызматтар АКШ долларында көрсөтүлгөн:

| Аталышы | 2023 ж. |
|---|---|
| Идентификациялык картаны – Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортун (ID-карта) жана Кыргыз Республикасынын жаранынын жалпы жарандык паспортун берүү | 9594.80 |
| Кыргыз Республикасына кайтып келүүгө күбөлүк берүү (МКК) | 331,22 |
| Жарандык абалдын актыларынын жазууларын каттоо | 277,56 |
| Ишеним кат берүү | 3085,11 |
| Камкорчулук, мураскордук жана башка мүлктүк иштерди жүргүзүү, алар менен байланышкан нотариалдык иш-аракеттерди аткаруу | 168,21 |
| Кыргыз Республикасынын улуттук жана эл аралык айдоочулук күбөлүгүн алмаштыруу | 25,0 |
| Башка (КР ТИМ финансалык жардам) | 4707,00 |
| Курстук айырма (-;+) | 102,85 |
| **Баардыгы:** | **18291,75** |

Консулдук жыйындардын келип түшүүлөрүнүн суммасы 2023-жылы 13481,9 АКШ доллары, финансылык жардам 4707,00 АКШ доллары жана валюталар курсунан тъшкы пайда 102,85 АКШ доллары жалпы суммасы 18291,75 АКШ долларын түзгөн.

### Бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын аткарылышына аудит

Элчиликтин чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө **2023-жыл үчүн түзүлгөн №2 форма «Мекеменин сметалык чыгымдарынын аткарылышы жөнүндө»** отчеттун негизинде сметалык чыгымдардын баштапкы сметасы 500762,35 АКШ долларында бекитилген, такталган смета 518741,96 АКШ

долларын түзүп, 524919,20 АКШ долларында насыя ачылып, кассалык чыгымдар 517874,43 АКШ долларын, ал эми чыныгы чыгымдар 517982,08 АКШ долларын түзгөн.

Сметалык чыгымдардын беренелер боюнча көрсөткүчтөрү төмөнкүчө жүргүзүлөн:

-211 «Маяна» беренеси боюнча, сметалык чыгымдар 217647,06 АКШ долларында бекитилип, такталган 186897,70 АКШ долларына, насыя 189192,39 АКШ долларында ачылып, кассалык чыгымдар 188923,52 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 188931,56 АКШ долларын түзгөн.

-212 "Социалдык керектөөлөргө төгүмдөр/чегерүүлөр" беренеси боюнча, сметалык чыгымдар 1891,76 АКШ долларында бекитилип, 3130,80 АКШ долларына такталган, насыя 3167,81 АКШ долларында ачылып жана кассалык чыгымдар 3167,81 АКШ долларына жүргүзүлгөн, чыныгы чыгымдар 3178,08 АКШ долларын түзгөн.

-2211 «Кызматтык иш сапарларга чыгашалар» беренеси боюнча сметалык чыгымдар 7018,82 АКШ долларында бекитилип, 25951,31 АКШ долларында такталган, насыя 26084,0 АКШ долларында ачылып, кассалык чыгымдар 26084,00 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 26084,00 АКШ долларын түзгөн.

-2212 «Байланыш кызматын көрсөтүү» беренеси боюнча сметалык чыгымдар 2089,41 АКШ долларына бекитилип, 483,99 АКШ долларында такталган, насыя 500,0 АКШ долларында ачылып, кассалык чыгымдар 461,46 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 461,46 АКШ долларын түзгөн.

-2213 «Ижара акысы» беренеси боюнча сметалык чыгымдар 200000,0 АКШ долларында бекитилип, 217239,62 АКШ долларында такталган, насыя 220000,0 АКШ долларында ачылып, кассалык чыгымдар 218094,21 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 217965,77 АКШ долларын түзгөн. Чыныгы чыгым менен кассалык чыгымдын айырмасы 128,44 АКШ долларын түзүп, беренеси боюнча жыл башындагы дебитордук карыз, жыл аягына калган.

-2214 «Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр» беренеси боюнча сметалык чыгымдар 17500,00 АКШ долларында бекитилип, 7798,00 АКШ долларында такталган, насыя 7875,00 АКШ долларында ачылып, кассалык чыгымдар 7233,92 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 7220,42 АКШ долларын түзгөн; Чыныгы чыгым менен кассалык чыгымдын айырмасы 13,5 АКШ долларын түзүп, беренеси боюнча жыл аягына күйүүчү майдын калдыгы көбөйгөн.

-2215 «Дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу» беренеси боюнча сметалык чыгымдар 34980,00 АКШ долларында бекитилип, 57900,00 АКШ долларында такталган, насыя 57900,0 АКШ долларында ачылып, кассалык чыгымдар 57716,36 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 57716,36 АКШ долларын түзгөн.

-2222 «Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды алуу» беренеси боюнча сметалык чыгымдар 3000,00 АКШ долларында бекитилген, кассалык чыгымдар болгон эмес, чыныгы чыгымдар 231,28 АКШ долларын түзгөн. Чыныгы чыгым менен кассалык чыгымдын айырмасы 231,28 АКШ долларын түзүп, беренеси боюнча жылдын аягына кеңсе буюмдары эсептен чыгарылган.

-2231 «Коммуналдык кызматтар» беренеси боюнча сметалык чыгымдар 14400,00 АКШ долларында бекитилип, 19143,59 АКШ долларында такталган, насыя 19400,0 АКШ долларында ачылып, кассалык чыгымдар жана чыныгы чыгымдар 15393,15 АКШ долларын түзгөн.

-2235 «Унаа токтотуучу жайлардын жана гараждардын ижарасына акы» беренеси боюнча сметалык чыгымдар 2235,29 АКШ долларында бекитилип, 800,00 АКШ долларында такталган, насыя 800,00 АКШ долларында ачылып, кассалык чыгымдар жана чыныгы чыгымдар 800,00 АКШ долларын түзгөн.

2023-жылдагы олуттуулуктун өлчөмү - бюджеттик кассалык чыгым боюнча 10400,0 АКШ долларын, - атайын эсептин каражаттарынын кассалык чыгымдары боюнча 395 АКШ долларын жана активдер боюнча 2936 АКШ долларын түздү.

Форма №3 беренелер боюнча тандоонун көлөмүн аныктоо боюнча олуттуулуктун өлчөмүнөн ашкан төмөнкү беренелер боюнча аудит тандалма ыкмасы менен жүргүзүлдү, алар, бюджеттик каражат боюнча: -2111 «Маяна» беренеси, -2211 «Кызматтык иш сапарларга чыгашалар» беренеси, -2213 «Ижара акысы» беренеси, -2214 «Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр» беренеси, -2231 «Коммуналдык кызматтар» беренеси.

**Атайын эсептин каражаттары боюнча кирешелер жана чыгашалар сметасынын түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит**

Элчиликтин аудит камтыган мезгил ичиндеги атайын эсептин каражаттарынын пайдаланылышы жана кирешелердин түзүлүшү Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 10-августундагы №90 "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жыдын 29-сентябрдагы №626 «Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө» токтомунун негизинде жүргүзүлгөн.

Атайын эсептин каражаттары Кыргыз Республикасынын жарандарына жана чет өлкөлүк жарандарга консулдук кызмат көрсөтүүдөн түзүлөт, алар: жалпы жарандык паспортторду, туулгандыгы жөнүндө күбөлүктөрдү, мекенге кайтып келүү жөнүндө күбөлүктөрдү, ар кандай түрдөгү визаларды берүү, нотариалдык жана башка иш-аракеттер болуп саналат.

2023-жыл үчүн «Атайын эсептин каражаттарынын сметасынын аткарылышы боюнча» форма №4 отчеттук маалыматтын негизинде жылдын башында атайын эсептеги каражаттардын калдыгы 7328,51 АКШ долларын түзгөн. Консулдук жыйындардын келип түшүүлөрүнүн суммасы 2023-жылы 13481,9 АКШ доллары, финансылык жардам 4707,00 АКШ доллары жана валюталар курсунан түшкөн пайда 102,85 АКШ доллары жалпы суммасы 18291,75 АКШ долларын түзгөн.

Ал эми, атайын эсептин каражаттарынын кассалык чыгымдары 19735,49 АКШ долларын, чыныгы чыгымдар 18990,93 АКШ долларын түзгөн, анын ичинде беренелер боюнча:

-211 «Маяна» беренеси боюнча, кассалык чыгымдар 4200,00 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 4200,00 АКШ долларын түзгөн.

-212 “Социалдык керектөөлөргө төгүмдөр/чегерүүлөр” беренеси боюнча,

кассалык чыгымдар 371,79 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 371,79 АКШ долларын түзгөн.

-2214 «Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр» кассалык чыгымдар 6751,23 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 6751,23 АКШ долларын түзгөн;

-2215 «Дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу» беренеси боюнча кассалык чыгымдар 3405,16 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 3268,37 АКШ долларын түзгөн;

-2221 «Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар» беренеси боюнча кассалык чыгымдар 379,59 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 379,59 АКШ долларын түзгөн;

-2222 «Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды алуу» беренеси боюнча кассалык чыгымдар 395,07 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар 439,66 АКШ долларын түзгөн.

-2235 «Унаа токтотуучу жайлардын жана гараждардын ижарасына акы» беренеси боюнча сметалык чыгымдар 798,43 АКШ долларында бекитилген жана 798,43 АКШ долларында такталган, кассалык жана чыныгы чыгымдар 798,43 АКШ долларын түзгөн;

-3112 «Негизги фонд» беренеси боюнча кассалык чыгымдар 652,36 АКШ долларын түзгөн, чыныгы чыгымдар болгон эмес, себеби алынган мебель кириштелген.

2023-жылдагы олуттуулуктун өлчөмү атайын эсеп боюнча чыгашалар 19,7 миң долларды түздү, олуттуулук деңгээли 2% тандалып алынды, бул 0,4 миң долларды түзүп, чыгашалардын төмөнкү беренелери тандалып алынды: 2111 "Эмгек акыга чыгашалар", 2211"Иш-сапар чыгымдары", 2214 "Транспорт чыгымдары", 2215 "Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу", 2235 "Унаа токтотуучу жайлардын жана гараждардын ижарасына акы", 3112 "Негизги фонд".

«Атайын каражаттардын сметасынын аткарылышы боюнча» 2023-жыл үчүн жалпы форма №4 отчеттук маалыматтын негизинде жылдын аягында атайын эсептин каражатынын калдыгы 5884,77 АКШ доллар калдык атайын эсепте калган.

**Бюджеттик жана атайын каражаттар боюнча кассалык жана банктык операцияларга жүргүзүлгөн аудит**

Элчиликтин кассасындагы акча каражаттарынын нак калдыгы болгон эмес. Кассалык операциялар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 “Кыргыз Республикасында чарбакер субъектердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибин бекитүү” токтомунун негизинде жүргүзүлөт.

Финансылык-чарбалык ишмердикти жүргүзүү үчүн Элчилик BANCA POPOLARE DI SONDRIO банкында төмөнкү эсептерди ачкан:

IT09C0569603235EDCUS0847200 (АКШ доллар) - бюджеттик каражаттар боюнча операцияларды жүргүзүү үчүн.

IT66 I056 9603 2350 0000 2994 X04 (евро) - атайын каражаттар боюнча операцияларды жүргүзүү үчүн.

Элчиликтин бардык эсептешүүлөрү накталай эмес формада жүргүзүлөт.

## Маяналарына жана башка төлөмдөргө аудит

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы №113 “Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жөнүндө” токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын максималдуу ченемдери жөнүндө” токтомунун негиздеринде, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министри тарабынан Элчиликтин кызматкерлеринин штаттык жүгүртмөсү 2023- жылга кызматкерлер – 5 бирдик, анын ичинде: Элчи – 1 бирдик, 3795,0 АКШ долл. өлчөмүндөгү акчалай күтүүнүн бир айлык фонду менен; Биринчи катчы – 1 бирдик, 2998,0 АКШ долл. өлчөмүндөгү акчалай күтүүнүн бир айлык фонду менен; атташе – 1 бирдик, 2447,0 АКШ долл. өлчөмүндөгү акчалай күтүүнүн бир айлык фонду менен; башкы адис – 1 бирдик, 2808,0 АКШ долл. өлчөмүндөгү акчалай күтүүнүн бир айлык фонду менен; чарба башчысы-айдоочу – 1 бирдик, 1897,0 АКШ долл. өлчөмүндөгү акчалай күтүүнүн бир айлык фонду менен. Атайын эсептин каражаттарынын кирешелер жана чыгымдар сметаларына ылайык, «Маяна» беренеси боюнча 350,00 АКШ доллар суммасында чек коюлуп, келишимдин негизинде жалданган жумушчуларды күтүүгө атайын эсептин каражатынан борбор менен макулдашылып, аудит камтыган мезгил аралыгында келишимдин негизинде 1 жумушчу (кызматтык бөлмөлөрдү тазалоочу) 350,0 АКШ долл. ишке тартылып ай сайын 350,00 АКШ доллар сарпталган.

Кырыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин 2015-жылдын 10-мартындагы №36 буйругу менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгү мекемемелеринин кызматкерлеринин күйөөсүнө/аялына акча каражатын берүү боюнча» Тартипке ылайык, Элчиликте ай сайын жубайы тарабынан алынган 30% өлчөмдөгү акча каражатын төлөө жүргүзүлөт.

Камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча чегерүүлөр Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин борбордук аппаратынын кызматкерлеринин кызматтык акыларын теңөө схемасынын негизинде жүргүзүлөт.

## Эсепке берүү жактары менен жүргүзүлгөн эсептер, иш сапар чыгымдарынын аудити

Аудит камтыган мезгил аралыгында баланс боюнча аудит камтыган мезгил аралыгында эсеп берме сумманын дебитордук карызы жок, Элчиликте негизинен эсеп берме суммалар иш сапарына жана ишмердүүлүк жүргүзүүнүн муктаждыгына байланыштуу ар кандай иш-чараларга жана чарба иштерине берилген.

Элчиликтин кассасы аркылуу эсеп берме жактарга 2023-жылы бюджеттен 26084,00 АКШ доллар, жана атайын эсептин каражатынан 2753,05 АКШ доллар эсеп берүү суммалары которулуп берилген.

Иш сапарларга байланышкан чыгымдарды калыбына келтирүүнүн тартиби жана өлчөмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 «Командировкалык чыгымдардын ченемдерин аныктоо

жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө» токтомунун негизинде жүргүзүлөт, эсеп берме авансалык отчеттору өз убагында тапшырылган. Иш сапарлар Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин макулдугу менен жүргүзүлөт.

**Негизги каражаттардын, материалдык баалуулуктардын жана жооптуу отчеттуулуктагы бланктардын сакталышына жүргузулгөн аудит**

Элчиликтин балансасынын маалыматтары боюнча негизги каражаттардын 2023-жылдын 1-январына калдыгы баштапкы баасы менен 90963,02 АКШ долларын түзгөн (топтолгон амортизациясы 20692,83 АКШ доллар) болгон, жылдын аягында баланстык баасы менен 57490,64 АКШ долларына калдык калган анын ичинен бюджеттик эсепте баланстык баасы менен жок жана атайын каражаттар боюнча 57490,64 АКШ долларына. Аудит камтыган мезгил аралыгында сатып алуулар 652,36 АКШ долларына сатып алуулар болуп киритштелген.

**Кызматтык автотранспортту күтүүгө бөлүнгөн каражаттын пайдаланышына аудит**

Элчиликтин, 2023-жылдын 1-январына катталган автоунаалардын жүрүүсүнүн ченеми, күйүүчү-майлоочу материалдарды, запастык бөлүктөрдү эсептен чыгаруу пайдалануу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 8-декабрындагы №750 (КПҮ) токтому менен бекитилген, «Кыргыз Республикасынын өкүлчүлүктөрүнө ишке жөнөтүлгөн дипломаттык кызматкерлерге кызматтык автомобилдерди берүү тартиби жөнүндө» Нускамага ылайык жүргүзүлөт, бир кызматтык автомобилге орточо 2000 км. ден ашпаган жүрүү ченеми белгиленген. Ал эми эки же андан көп кызматкер пайдаланган учурда жүрүү лимити бир айга 3000 км.ге чейин көбөйүшү мүмкүн. Элчилик үчүн 2 даана автотранспорттук унаа кармоого уруксат берилген, алар:

- MERCEDEZ-BENZ E220D 2020-жылы чыгарылган кызматтык автоунаа, дипломаттык номери CD/0001/BD;
- VOLKSWAGEN T-CROSS 2020-жылы чыгарылган кызматтык автоунаа, дипломаттык номери CD/0002/BD.

Элчиликтин Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр беренеси боюнча 2023-жылы жалпы суммасы 13985,15 АКШ доллар каражаты сарпталган, анын ичинен бюджеттик эсептен 7233,92 АКШ доллары жана атйын эсептен 6751,23 АКШ доллары.

**Турак жай үчүн ижара акысы жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн, лимиттердин сакталышына аудит**

Элчиликтин коммуналдык чыгымдарды төлөөдө жана кызматкерлерди турак жай менен камсыздоодо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 8-декабрындагы №750 (КПҮ) токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгү дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн, консулдук мекемелеринин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эл аралык уюмдардагы өкүлчүлүктөрүнүн кызматкерлеринин жана административлык-техникалык кызматтын кызматкерлеринин ишинин тартиби жана шарттары жөнүндө”

Нускамасында каралган  ченемдердин негизинде иш алып барган. Чет өлкөдөгү мекеме Элчиликтин кеңсесин жайгаштыруу үчүн кызматтык бөлмөнү, Элчинин резиденциясын жана штаттык кызматкерлер үчүн кызматтык батирлерди ижарага алат. Ижара мамилелери Рим шаарындагы ижарага берүүчүлөрү менен түзүлгөн ижара келишимдери менен жөнгө салынат.

Аудит камтыган мөөнөттүн башында,элчиликтин 2023-жылдын 1-январына карата бухгалтердик балансында дебитордук карыздардын катарында 72193,30 АКШ доллары чагылдырылган, себеби келишимдерге ылайык депозитке 3 эсе өлчөмүндө төгүлгөн. Аудит камтыган мезгил аралыгында 2213 “Ижара акысы” беренесинен республикалык бюджеттен 218094,21 АКШ доллары төлөнгөн, Ошондой эле 2024-жылдын 1-январына карата 72321,74 АКШ доллары калган.

Аудит камтыган мезгил аралыгында коммуналдык кызматтарга кеткен чыгымдар:

2023-жылы коммуналдык кызматтарга жалпы суммасы 16191,58 АКШ доллары төлөнгөн, 15393,15 АКШ доллары бюджеттин эсебинен (сууга 10951,92 АКШ доллары, электр энергиясына 3201,44 АКШ доллары жана газга 1239,79 АКШ доллары) төлөнүп берилген, ал эми атайын каражаттын эсебинен 798,43 АКШ доллары Унаа токтотуучу жайлардын жана гараждардын ижарасы үчүн төлөнгөн.

**Дебитордук жана кредитордук карыздарга аудит**

Аудитке берилген маалымат боюнча Элчиликтин бухгалтердик эсебинде жана балансасында жалпы дебитордук карызы жана кредитордук карыздары төмөнкүчө болгон. Анын ичинен бухгалтердик эсеп счеттору боюнча:

-«Маяна» боюнча 01.01.2023 жылга кредитордук карыздар толугу менен жоюлган.

-«Ижара акысы» боюнча 01.01.2023 жылга дебитордук карызы 72193,30 АКШ доллар өлчөмүндө (баардыгы бюджеттин эсебинен).

-«Маяна» боюнча 01.01.2024 жылга кредитордук карыздар толугу менен жоюлган.

-«Ижара акысы» боюнча 01.01.2024 жылга дебитордук карызы 72321,74 АКШ доллар өлчөмүндө (баардыгы бюджеттин эсебинен).

**Отчеттуулук жана бухгалтердик эсептин абалы**

Элчиликте, бухгалтердик эсеп Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 29-апрелиндеги «Бухгалтердик эсепке алуу жөнүндө» Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” (2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б Финансы министрлигинин буйругу менен күчүн жоготкон) Жобого ылайык жүргүзүлөт. Бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө, материалдык баалуулуктардын жана акча каражаттарын эсептөөлөрүн бухгалтердик 1С-компьютердик программасына камсыздайт. Жылдык, кварталдык, айлык отчеттор өз убагында тапшырылган.

Элчиликте бюджеттик жана атайын каражаттардын эсеби АКШ

долларында эсептелинет. Бухгалтердик эсеп жүргүзүүнүн абалы канааттандырарлык.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө**
**палатасынын аудитору** **Б. Рыскулиев**